**Ош мамлекеттик университетинин**
**Эл аралык билим берүү программалары коллежинин «Котормо иши: чыгыш тилдери» бөлүмүнүн**
**ОТУРУМУНУН**

**№9-ПРОТОКОЛУ**

**25-март 2023-ж.** **Ош шаары**

**Катышуучулар:**

1. **Бөлүмдүн башчысы:**
   Таштанова Ж.А. – бөлүм башчысы.
2. **Мүчөлөрү:**
- Тухтаматов А. – ПЦК жетекчиси;
- Таирова А.Ш. – окутуучу;
- Бекназаров С. – окутуучу;
- Аттокур к. А. – окутуучу;
- Аманова Айгерим – окутуучу;
- Имадинова Д – окутуучу;
- Аманбек кызы Н. – окутуучу;
- Исмаилова Н. – окутуучу;
- Кадырбекова Г. – окутуучу.
- Акылбек к. А. – окутуучу;
- Асланбек к. А. – окутуучу.
3. **Катчы:**
- Исмаилова Н. – окутуучу;

**Күн тартиби:**

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Илим жумалыгына карата түзүлгөн иш-чаралардын планын талкуулоо жана бекитүү. | Бөлүмдүн башчысы, илимий иштер боюнча жооптуу окутуучу. |
| 2. | Стейкхолдерлер жана бүтүрүүчүлөр менен жолугушуу уюштуруу. | Бөлүмдүн башчысы, окутуучулар. |
| 3. | Колледждин деңгээлинде ата-энелердин чогулушун уюштуруу. | Бөлүмдүн башчысы, окуу тарбия иштери боюнча жооптуу окутуучу |
| 4. | ***Ар түрдүү:*** Профессионалдык ориентация иштерин уюштуруу. | Бөлүмдүн башчысы, цикл башчы, окутуучулар. |

Scanned with CamScanner

**1-маселе.Илим жумалыгына карата түзүлгөн иш-чаралардын планын талкуулоо жана бекитүү.**

***Угулду:***бөлүм башчысы ***Ж.А.Таштанова*** окуу жайдын уставына ылайык коледжде илим жумалыгы болгондугуна байланыштуу, илимий иштер боюнча жооптуу окутуучу Аманбек кызы Нурпейилден илим жумалыгына карата кандай пландар бар экендигин сурады.

***Сөзгө чыкты:*** Илимий иштер боюнча жооптуу окутуучу Аманбек кызы Нурпейил илим жумалыгына карата атайын иш план түзүлгөдүгүн жана семинар уюштурулаарын айтты.

***Сөзгө чыкты:*** окутуучу ***Таирова Айсулуу*** илим жумалыгына атайын тегерек стол уюштурууну сунуштады, тегерек столго окутуучулари эле эмес студенттер да катышып илим жөнүндө кенен маалыматтар алууларына шарт түзулорүн айтты. Окутуучу ***Аманова Айгерим*** окутуучулардын арасында илимий семинар уюштуруп, илимий статья жазуудагы же болбосо которуунун ыкмалары менен өз пикир бөлүшүүнү сунуштады. Илим жумалыгына арланлан иш чаралар 4-5-6 апрель күндөрү өкөрүлө турган болду.

**2-маселе. Стейкхолдерлер жана бүтүрүүчүлөр менен жолугушуу уюштуруу.**

***Сөзгө чыкты: окутуучу Кадырбекова Гүлпери*** окутуу натыйжаларын жогорулатуу максатында окуу жай стейкхолдерлер менен чогуу иш алып барууну максат кылган. Ошол себептен 29-март күнү саат 11де Кыргыз-Европа факультетинин конференц залында жолугушуу болоорун айтып өттү. Бул жолугушууга биздин бөлүмдөн Таштанова Жамила, Тухтаматов Азамат, Бекназаров Сабыр, Таир кызы Гулмайрам, Кадырбекова Гүлпери, Аттокур кызы Аида ушул окутуучулар катышаарын белгилеп, ошондой эле башка бардык мугалимдер да барып керектүү маалымат алса болоорун айттып өттү.

**3-маселе. Колледждин деңгээлинде ата-энелердин чогулушун уюштуруу.**

***Угулду: Бөлүм башчысы Ж.А.Таштанова*** колледж менен ата-энелердин ортосундагы байланышты бекемдөө максатында ата-энелер чогулушун өткөрүү керектигин айтып өттү. Бул жумушту окуу тарбия иштери боюнча жооптуу окутуучу Аттокур кызы Аидага тиешелүү тапшырмалар берилди. Андан сырткары ар бир студент ОшГУнун миссиясын жатка билүүсүн кураторлор көзөмөлдөсүн, ошондой эле аудиториялардын тазалыгына көңүл бөлүнүүсү керек.

***Сөзгө чыкты: Бөлүмдүн Окуу тарбия иштери боюнча жооптуу окутуучу ттокур кызы Аида*** апрель айында ата-энелерге колледдин деңгээлинде чогулуш уюштурулат, ата-энелердин активдүү катышуусун тайпалардын кураторлору көзөмөлгө алууусу керектигин айтты. Ар бир куратор ата-энелер менен тыгыз байланышта болуусу шарт WhatsApp группаларында колледждин ишмердүүлүгү боюнча маалыматтар берилүүсүн камсыздоого кураторлор милдеттүү. Андан сырткары чогулушка келген ата-энелерден сурамжылоо алынат, ошондуктан ата-энелердин катышуусу жакшы болуусу керек деп белгилеп өттү.

**4-маселе. Ар түрдүү: Профессионалдык ориентация иштерин уюштуруу жана жумушчу топ түзүү.**

***Угулду:*** окутуучу ***Бекназаров Сабыр*** корей, кытай, түрк, араб тилдери мугалимдери биргеликте профоориентация иштерин баштоосу керектигин айтып өттү. Профориентациялык иштерди уюштуруу максатында атайын жумушчу топ түзүлгөндүгүн, анын курамында Таир кызы Гүлмайрам, Аманова Айгерим, Кадырбекова Гүлпери Аттокур кызы Аида жана башка мугалимдер бар. Профориентациялык иштердин алкагында Ош шаарындагы мектептерге жана алыскы райондорго да барып маалымат берүү сунушталды. Окутуучулар Аманова Айгерим, Кадырбекова Гүлпери

Scanned with CamScanner

буклет, брошюра даярдоого жоопту болушту. Аттокур кызы Аида видео, слайд жасоо иштерин өз мойнуна алды.

***Угулду:*** Бөлүм башчысы ***Таштанова Жамила*** берилген тапшырмаларды бардык окутуучулар өз убакгында аткаруусун талап кылды, эгер айтылган жумуштар мөөнөтүнөн кечиктирилсе же аткарылбаса кагаз түрүндө билдирүү берилип, тийиштүү чара көрүлөөрүн баса белгиледи. Андан сырткары окутуучу Абдыкадыр кызы Жаркынай 2 жолу сабактарды үзгүлтүккө учуратканы үчүн эскертүү ирээтинде сөгүш берилгендигин, эгер дагы кайталанса жумуштан четтетилээрин айтып өттү.

**Эл аралык билим берүү программалары коллежинин котормо иши чыгыш тилдери бөлүмүнүн**

**КЕҢЕШИ токтом кылат:**

1. Илим жумалыгына карата түзүлгөн иш-чаралардын планы бекитилсин.
2. Стейкхолдерлер жана бүтүрүүчүлөр менен жолугушуу уюштурулсун.
3. Колледждин деңгээлинде ата-энелердин чогулушу уюштурулсун.
4. Профессионалдык ориентация иштери уюштурулсун жана берилген жумуштарды өз убагында аткарбаган окутуучуларга билдирүү берилсин.

**Бөлүм башчысы:** **Таштанова Ж.А.**

**Катчы:** **Исмаилова Н.Д.**

Scanned with CamScanner